**Б.1.2.4 Экология**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттердин экологиялык сабаттуулугун жогорулатуу, илимий дүйнөкөрүмүн калыптандыруу, адам табияттын бөлүгү экени, бардык жандуунун биримдиги жана өзү баалуулугу, адамзаттын биосфераны сактоосуз жашай албастыгы жөнүндө түшүнүктөрүн түптөө, табият чөйрөсүндөгү адамдын жашоосу, анын кесиптик ишмердүүлүгү менен байланышкан көрүнүштөрдү сабаттуу кабыл алууга үйрөтүү.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| **Түрмөгү жана коду** | **Семестри** | **Эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | **Баардыгы (саattarда)** | **Аудиториялык иштин көлөмү (саат)** | | | **СӨИ** | **Аттестациялоо формасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Дарс** | **Прак. сабак** | **Лаб иш** | | |
| Б.1.2.4 | 2 | 2 | 60 | 16 | 16 | | 28 | зачет |

Дисциплинаны окуп-үйрөнүү үчүн студенттерге жалпы билим берүүчү орто мектепте «Ботаника», «Биология», «Зоология», «География» предметтери боюнча ээ болгон билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр зарыл.

**Кыскача мазмуну:** Биосфера жана адам: биосферанын түзүмү, экотутумдар, организм менен чөйрөнүн өз ара мамилелери, экология жана адамдын ден соолугу; курчап турган чөйрөнүн глобалдуу проблемалары, табият ресурстарын сарамжалдуу колдонуунун экологиялык принциптери жана табиятты коргоо; табиятты колдонуу экономикасынын негиздери; экокоргоочу техника жана технологиялар; экологиялык укуктун негиздери, кесиптик жоопкерчилик; курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык кызматташтык.